Башкармалыктын протоколу менен бекитилген
№14 от 11.03.2026 года

# «Керемет Банк» ААКнун банктык төлөм карталарын алуу жана колдонуу эрежелери

## 1. Терминдер жана шарттуу белгилөөлөр

- **Авторизация** – эмитент тарабынан банктык картаны пайдалануу менен операция өткөрүү боюнча карта ээсинин ыйгарым укуктарын же авторлугун тастыктоо жол-жоболору, мунун натыйжасында жогоруда көрсөтүлгөн эмитенттин картасын пайдалануу жолу менен түзүлгөн эсептик документти аткаруу боюнча эмитент эквайер алдында милдеттемеге ээ болот. Авторизация автоматташтырылган (терминалдын жардамы менен) жана тыбыштык (телефон байланышы аркылуу) болуусу ыктымал. Эмитент жана эквайер банктык төлөм картасын пайдалануу менен жүргүзгөн операциялар боюнча бир эле адам болсо, анда авторизация бул операцияны өткөрүү үчүн эмитент тарабынан кардарга уруксат берилгендигин билдирет.
- **Автоматташтырылган өзүн-өзү тейлөө терминалы (төлөм терминалы)** – банк кардарларынан, карта ээлеринен, кызмат колдонуучуларынан накталай акчаны кабыл алуу (cash-in)/берүү (cash-out) анын ичинде кызмат көрсөтүүчүлөргө накталай жана накталай эмес формада бүтүмдөрдү жүргүзүү үчүн багытталган терминал.
- **Авторизациялоо өтүнүчү** – бул картанын эмитентине системанын белгиленген эрежелерине ылайык эквайерден транзакция жүргүзүүгө уруксат алуу сурамы.
- **Аутентификация** – бул идентификатордун берген мүнөздөмөлөрүн (ПИН-код, сырсөз ж.б.) текшерүү жана салыштыруу жол-жобосу аркылуу колдонуучунун инсандыгын аныктоо .
- **Картаны жокко чыгаруу** – Банк тарабынан картаны жараксыз деп табуу жана жүгүртүүдөн алып таштоо.
- **Банк** - «Керемет Банк» ААК.
- **Банктык төлөм картасы (карта)** – товарларды, кызматтарды сатып алууда, улуттук жана чет өлкө валютасында накталай акча алууда, терминалдар, банкоматтар же башка түзүлүштөр (перифериялык түзүлүштөр) аркылуу акча каражаттарын, ошондой эле эсептешүүлөрдү электрондук акча формасында жүзөгө ашырууда эсептешүүлөрдү өткөрүү үчүн пайдаланылуучу төлөм жүргүзүү инструменти**.**
- **Виртуалдык карта** – виртуалдык карта - физикалык алып жүрүүчүсү жок электрондук түрдө чыгарылган атайын карта
- **Банкомат (ATM - Automated teller machine)** – накталай акча каражаттарын берүү жана/же алуу, өткөрүлгөн транзакциялар боюнча маалыматтарды алуу, картаны же дистанттык түрдөгү тейлөөнүн башка инструменттерин пайдалануу менен башка операцияларды жасоо үчүн арналган аппараттык-программалык комплекс.
- **Картаны кулпулоо** – Картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүүгө толук же убактылуу тыюу салуу.
- **Карт-эсеп боюнча көчүрмө** – көрсөтүлгөн мезгилдеги Картанын Кармоочусунун Карт-эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы жөнүндө, Карт-эсеп боюнча акча каражаттарынын кыймылы жана Картанын жардамы менен жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө отчет. Тараптар, Банк тарабынан берилген Эсеп боюнча көчүрмө, Картанын Кармоочусунун өзүнүн Карт-эсеби боюнча жүзөгө ашырган карталык операцияларын тастыктоочу расмий документ деп таанышат. Тараптар, жүргүзүлгөн карталык операциялар боюнча кандайдыр бир талаш-тартыштар келип чыккан учурда, Карт-эсеп боюнча көчүрмө Картанын Кармоочусунун өзүнүн Карт-эсеби боюнча операцияларды жасоо

фактысын тастыктаган, анын ичинде сотто дагы, талашсыз далил болуп саналарына макул болушат.

- **Картанын кармоочусу (картакармоочу)** – банк кардары, ошол эле учурда эмитент менен түзүлгөн келишимдин негизинде картаны пайдалануу менен операцияларды өткөрүү укугуна ээ юридикалык жак/жеке ишкер-эсеп ээси.
- **Дистантык банктык тейлөө (ДБТ)** – Кардардын Банктын продуктыларына жана кызматтарына аралыктан жетүү үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн комплекси, ал ошондой эле өздөрүнүн Эсептерин жана алардагы акча каражаттарын башкарууга мүмкүндүк берет. Өзүнө төмөнкү кызматтарды камтыйт: Интернет – Банк жана Мобилдүү – Банк.
- **Интернет-Банк** – Интернет тармагы аркылуу персоналдык компъютерге орнотулган web-браузер аркылуу Кардарга Банктын өндүрүмдөрүн жана кызматтарын алууга жана пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүүчү дистанттык тейлөө каналы.
- **Мобилдүү–Банк** – Интернет тармагы аркылуу мобилдик тиркеменин жардамы менен Кардарга Банктын өндүрүмдөрүн жана кызматтарын алууга жана пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүүчү дистанттык тейлөө каналы.
- **Келишим** – Банк менен Карт-эсептин ээсинин ортосунда түзүлгөн банк эсептерин ачуу жана жүргүзүү жөнүндө Келишим.
- **Кошумча Карта** – Карт-эсептин ээси Негизги Картаны Кармоочунун демилгеси боюнча өзүнө же башка Картанын Кармоочусуна чыгарылган Карта. Кошумча Картанын Кармоочусу Карт-эсептин ээси берген лимиттин алкагында операцияларды жасай алат. Негизги Картанын Кармоочусу Кошумча Картаны Кармоочуну ушул Эрежелер менен тааныштырууга милдеттүү, ошондой эле Кошумча Картаны уруксатсыз колдонуу үчүн жоопкерчилик тартат.
- **Арыз** – Карт-эсеп ачууга жана Карта чыгарууга арыз-анкета.
- **Карт-эсеп** – Банк тарабынан Келишимдин алкагында Негизги Картанын Кармоочусуна акча каражаттарын жылдыруу, Транзакцияларды жүзөгө ашыруу жана Картаны колдонуу менен жасалган операцияларды чагылдыруу үчүн ачылуучу атайын банк эсеби.
- **Карталык операция** – Келишимде жана ушул Эрежелерде аныкталган шарттарда, Картаны колдонуу менен товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө, накталай акча каражаттарын алуу, валюта алмаштыруу жана башка операциялар.
- **Коддук сөз** – Картанын Кармоочусун идетификациялоо үчүн тамгалардын комбинациясы. Коддук сөз Картаны кулпулоо жана Карт-эсептеги теңдем жөнүндө маалыматты телефон аркылуу алуу үчүн зарыл.
- **Картанын Компрометациясы** – сырткаркы адамдын корголгон маалыматка жетүү фактысы, ошондой эле андан шектенүү. Анда Картанын реквизиттери (ПИН-коду, Коддук сөз, картанын магниттик тилкесине жазылган маалымат ж.б.у.м.) башка адамга белгилүү болуп калган же белгилүү болуп калганына шектенүү келип чыккан кырдаал, анын натыйжасында Картаны андан ары колдонуу кооптуу көрүнөт жана Картаны Кармоочунун Карт-эсебинен акча каражаттарын уруксатсыз чыгарууга алып келет.
- **Штатсыз кырдаал** – эрежелерге жана тутумдун иштөө технологиясына ылайык өзүнчө төлөм тутумунун кошо орнотулган тобокелдерди башкаруунун автоматтык каражаттары менен чечиле албаган жана аны чечүү үчүн оператордун же Банктын персоналынын атайын уюштурулган ишмердүүлүгүн талап кылган кырдаал.
- **Негизги Карта** – Банк тарабынан Карта боюнча операцияларды жасоого толук укуктарга ээ болгон Карт-эсептин ээсинин – Картаны Кармоочунун атына чыгарылган Карта.
- **PIN-код (Personal identification number)** – операцияларды өткөрүү үчүн колдонуучу аутентификациялоого мүмкүнчүлүк берүүчү жекече идентификациялык номур.
- **CVV2-код (Card verification value)** – Интернет жана башка транзакциялар аркылуу төлөм жүргүзүүдө суралган картанын аныктыгын текшерүү үчүн үч орундуу код.
- **Төлөм тутуму** - «Элкарт» Улуттук төлөм тутуму / Visa International Эл аралык төлөм тутуму / Union Pay International Эл аралык төлөм тутуму.

- **Банктык төлөм картасын пайдалануу менен эсептешүүлөрдүн төлөм ситемасы (картларды пайдалануу менен эсептешүү системасы)** – карталарды пайдалануу менен эсептешүүлөрдү уюштуруу үчүн нормалардын, стандарттардын, эрежелердин, уюмдардын жана программалык-техникалык каражаттардын жыйындысы. Төлөм жүргүзүү системалары локалдык, улуттук жана эл аралык болуп бөлүнүшөт.
- **POS-терминал (Point of sale)** – Картадагы маалыматтарды окуу, накталай операцияларды жүргүзүү жана каражаттардын электрондук түрдө которуу мүмкүнчүлүгүнө ээ терминал.
- **Процессингдик борбор** – процессингди жүзөгө ашыруучу юридикалык жак.
- **СМС-кабарлоо** – Картаны колдонуу менен жасалган чыгыштоо жана (же) кириштөө операциялары (накталай акча каражаттарын алуу, товарлар менен кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө) жөнүндө уюлдук телефонго СМС-кабарлоолорду алуу.
- **Транзакция** - картты жана башка аралыктан тейлөө инструменттерин пайдалануу менен ишке ашырылган операция (мисалы товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, акча каражаттарын которуу, валюталарды алмаштыруу же нак акча каражаттарын алуу), анын натыйжасында карт ээсинин эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы өзгөрөт.
- **Техникалык овердрафт** – эсептешүү эсебиндеги каражаттардын жеткиликтүү калдыгынан төлөмдөрдүн (чыгыштоо операцияларынын) суммасынын ашып кетүүсүнүн натыйжасында келип чыгуучу карыз.
- **Соода-сервистик ишкана (ССИ)** – Операциялар карталар аркылуу өткөрүлгөндүгүн тастыктоочу документтерди түзүү менен өз товарлары/кызматтары үчүн төлөм жүргүзүү, акча каражаттарын накталай түрдө берүү үчүн картаны эквайер менен түзүлгөн келишимге ылайык кабыл алуучу юридикалык жак же жеке ишкер. Картадагы акча каражаттары коммерциялык банктар менен түзүлгөн агентчилик келишимге жана Улуттук Банктын ченемдик-укуктук актылары аркылуу белгиленген лимитке ылайык берилет. Мындай шартта тобокелге негизделген ыкманы колдонуу менен агент тарабынан карта ээсине жөнөкөйлөштүрүлгөн идентификациялоо жана верификациялоо өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын ПФТД/ЛПД маселелери боюнча мыйзамдарынын талаптары сакталышы керек.
- **Эквайер** - эквайринг жүргүзүүгө уруксаты бар банк, тиешелүү төлөм системаларынын технологиясына жана ченемдик актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн перифериялык түзүлүштөрү аркылуу авторизациялоо же транзакцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган перифериялык түзүлүштөрдүн тармагынын ээси. Кыргыз Республикасы.
- **Эквайринг** – банктык төлөм карталарын пайдалануу менен эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча банк ишмердүүлүгү. Перифериялык түзүлүштөр аркылуу авторизация жана транзакция өткөрүү, ошондой эле тиешелүү төлөм системаларынын тенологияларына жана ченемдик актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ССИ менен келишимдик мамилелерди түзүү мүмкүнчүлүк берет.
- **Эмитент** – карталарды тиешелүү төлөм системаларынын технологиясына жана эрежелерине жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чыгаруучу банк.

## 2. Жалпы жоболор

2.1. Ушул Эрежелер Банктын Карталарды чыгаруу жана тейлөө тартибин, Картаны колдонуу менен операцияларды жасоо тартибин, ошондой эле Картаны коопсуз колдонуу эрежелерин аныкташат.

2.2. Ушул Эрежелер КРнын иштеп жаткан мыйзамдарына, КР Улуттук банкынын (мындан ары – КРУБ) ченемдик-укуктук актыларына, жергиликтүү жана эл аралык төлөм тутумдарынын шарттарына ылайык иштелип чыккан.

2.3. Ушул Эрежелер Банк менен Келишим түзүшкөн бардык Карталарды Кармоочулар үчүн милдеттүү болуп саналат.

2.4. Банк менен келишим түзгөн Картанын Кармоочусу, ушул эрежелерде алдын-ала каралган бардык милдеттенмелерди өзүнө алат.

2.5. Карт-эсеп Картаны Кармоочунун тандоосу боюнча кыргыз сомунда, АКШ долларында же евродо ачылат.

2.6. Банк Карт-эсептеги акча каражаттарынын Картанын Кармоочусу тарабынан Карт-эсепти жапканга чейин чыгышталбай (колдонулбай) турган минималдуу өлчөмүн (азайтылбоочу калдыгын) орнотууга укуктуу. Азайтылбоочу калдыктын өлчөмү Банктын Тарифтеринде алдын-ала каралат.

2.7. Эгерде Картанын Кармоочусу – физикалык жак Банк менен түзүлгөн Келишимдин негизинде эсептин ээси болсо, анда Карта жеке (өздүк) болуп саналат. Жеке Картаны колдонуу менен каражаттарды түшүрүү жана чыгаруу боюнча ар кандай операциялар Картаны Кармоочунун Карт-эсебинен жүзөгө ашырылат.

2.8. Эгерде Картанын Кармоочусу – физикалык жак ага юридикалык жак/жеке ишкер, эсептин ээси берген ыйгарым укуктарга ылайык Картаны колдонуу менен операцияларды жасаса, анда Карта корпорациялык болуп саналат. Акча каражаттарын чыгаруу боюнча операциялар ошол юридикалык жактын/жеке ишкердин корпорациялык эсебинен жүзөгө ашырылат.

2.9. Ушул Эрежелер менен Банктын Тарифтери Банктын www.keremetbank.kg расмий сайтында, ошондой эле Банктын Карталарды Кармоочуларды тейлөөнү жүзөгө ашырышкан бөлүмдөрүндөгү стенддерде жайгаштырылат.

2.10. Банк ушул Эрежелерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө укуктуу. Ушул Эрежелерге киргизилген өзгөртүүлөр, өзгөртүүлөр күчүнө кирген күнгө чейин 10 (он) жумуш күнүнөн кечиктирбей, Банктын бөлүмдөрүнүн операциялык залдарындагы маалыматтык стенддерге тиешелүү маалыматты жайгаштыруу жана Банктын www. keremetbank.kg расмий сайтында тиешелүү маалыматты жайгаштыруу жолу менен Кардарга жеткирилет.

**3. Картаны жана ПИН-конвертти алуу.**

3.1. Банк арыздын негизинде Карт-эсеп ачат да, Банктын бөлүмүнүн жайгашкан ордуна жараша 5-10 (беш-он) жумуш күнү ичинде ПИН-конвертке салып Картаны жана ПИН-кодду же ПИН-коду менен СМС аркылуу берүүнү жүргүзөт. Шашылыш даярдаган учурда, Картаны жана ПИН-конвертти чыгаруу жана кайра чыгаруу, Бишкек шаарынын аймагынан орун алган Банктын бөлүмдөрү үчүн 2 (эки) жумуш күнү ичинде жана аймактар үчүн 4 (төрт) жумуш күнү ичинде, Картанын Кармоочусу Банктын Тарифтерине ылайык комиссияны төлөөсү шартында, жүргүзүлөт. Картаны алгандан кийин Карта кармоочу картанын арткы бетиндеги кол коюла турчу жерге өз колун коюусу зарыл.

3.2. Виртуалдык картаны чыгаруу Кардар тарабынан дистанттык банктык тейлөө каналы аркылуу жүзөгө ашырылат. Картанын номуру жана CVV-код тууралуу маалымат Кардардын «Интернет-Банк»/ «Мобилдүү Банк» системасында катталган телефон номуруна смс-билдирүү түрүндө келип түшөт.

3.3. Карта Банктын менчиги болуп саналат, Картанын иштөө мөөнөтү бүткөндө, же Банктын биринчи талап кылуусу боюнча, Карта милдеттүү түрдө Банкка кайтарылып берилүүгө тийиш.

3.4. Картаны чыгарган, бирок Картаны Кармоочу Арыз берген күндөн тартып 3 (үч) календарлык айдан ашуун мөөнөттө Картаны алуу үчүн Банкка келбеген учурда, ошондой эле 6 (алты) айдан ашуун карта(лар) боюнча кыймыл жок болгон учурда, Банк бир календарлык ай ичинде Картаны Кармоочуга билдирүү менен бир тараптуу Карт-эсепти жабууга, Картаны жараксыз деп табууга жана Картанын Кармоочусуна ал төлөгөн комиссияны кайтарып бербей коюуга укуктуу болот.

3.5. ПИН-код Картаны уруксатсыз колдонуудан коргоонун кошумча каражаттарынын бири болот. Банктын ыйгарым укуктуу кызматчысы Картанын Кармоочусуна ПИН-код салынган

чапталган конвертти өткөрүп берет же Кардар ПИН-кодду СМСтин жардамы менен сурайт.

3.6. Карта эсебиндеги акча каражаттарын коргоо максатында үчүнчү жактарга ПИН-кодду айтууга тыюу салынат.

3.7. ПИН-код Банк кызматкерлерине белгисиз болот. Эгерде Картанын ээси ПИН-кодду унутуп калса, анда алмаштыруу үчүн Картаны Банкка тапшыруу керек, себеби карта аркылуу кандайдыр бир операцияларды өткөрүүгө мүмкүн болбой калат.

3.8. ПИН-код Карта ээсинин өздүк кол тамгасынын аналогу болуп саналат. ПИН-кодду пайдалануу аркылуу жүргүзүлгөн бардык транзакциялар Карта кармоочусу тарабынан ишкеп ашырылган болуп саналат.

3.9. Карта ээси тарабынын ПИН-коддун жана Код сөзүнүн, ошондой эле ушул Эрежелердин сакталышы Картаны пайдалануудагы негизги шарттардын бири болуп саналат. ПИН-кодду жана Код сөзүн ачыкка чыгаруу, ошондой эле Карта ээсинин  ушул Эрежедеги талаптарды сактабашы боюнча жоопкерчилик толугу менен Карта ээсинин моюнуна жүктөлөт.

## 4. Кошумча Картаны жана ПИН-конвертти алуу

4.1. Visa Infinite же UPI Diamond картасын алуу, же UPI виртуалдуу картасын ачуу учурунда Кошумча Картаны алуу мүмкүн эмес.

4.2. Банк Банктын бөлүмүнүн жайгашкан ордуна жараша 5-10 (беш-он) жумуш күнү ичинде ПИН-конвертке салып Кошумча Картаны жана ПИН-кодду же ПИН-коду менен СМС аркылуу берүүнү жүргүзөт. Шашылыш даярдаган учурда, Картаны жана ПИН-конвертти чыгаруу жана кайра чыгаруу, Бишкек шаарынын аймагынан орун алган Банктын бөлүмдөрү үчүн 2 (эки) жумуш күнү ичинде жана аймактар үчүн 4 (төрт) жумуш күнү ичинде, Картанын Кармоочусу Банктын Тарифтерин ылайык комиссияны төлөөсү шартында, жүргүзүлөт.

4.3. Картаны алып жатканда Кошумча Картанын Кармоочусу Картанын арткы бетиндеги кол коюу үчүн жээкке кол коюуга тийиш.

4.4. Кошумча Карта чыгарган учурда ушул Эрежелердин жана Келишимдин бардык жоболору чыгарылган Кошумча Картага бирдей даражада колдонулат.

4.5. Кошумча Картаны колдонуу менен жасалган Карталык операциялардын суммалары, Кошумча Картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн Карталык операциялар үчүн комиссиялардын, анын ичинде башка банктардын комиссияларынын дагы, суммалары, жана Кошумча Картаны тейлөө менен байланышкан ар кандай башка чыгымдар, ушул Эрежелердин 9.2.5-пунктуна ылайык Банк тарабынан Карт-эсептен акцептсиз тартипте чыгарылат.

4.6. Кошумча Карта Банктын менчиги болуп саналат, Кошумча Картанын иштөө мөөнөтү бүткөндө, же Банктын биринчи талап кылуусу боюнча, Кошумча Карта милдеттүү түрдө Банкка кайтарылып берилүүгө тийиш.

## 5. СМС- кабарлоо

5.1. Карта ээси Банкка жазуу жүзүндөгү арыз берүү аркылуу SMS-билдирүү кызматын активдештирип же өчүрө алат же дистанттык банктык тейлөө кызматынын кошулган канал аркылуу телефон номурун  аралыктан өчүрө алат же өзгөртө алат.

5.2. Картанын ээси СМС-билдирүүлөр үчүн Банк тарифине ылайык комиссия төлөйт.

5.3. Эгерде Картанын Кармоочусу СМС-кабарлоо алуу үчүн уюлдук телефонунун номерин өзгөртүүнү каалаѕа, ал бул туурасында Банкка (+996 312) **55 44 44** телефону боюнча билдирүүгө жана Коддук сөздү айтууга тийиш.

## 6. Картаны коопсуз колдонуу боюнча эрежелер

6.1. Өзүңүздүн ПИН-кодду жашыруун кармаңыз. ПИН-кодду үчүнчү жакка/тарга билдирүү Картаны уруксатсыз колдонууга, башкача айтканда сизге таандык акча каражаттарын чыгыштоого алып келиши мүмкүн.

6.2. Картаны жана ПИН-кодду катарлаш сактабаңыз, ошондой эле ПИН-кодду Картанын өзүнө же Картанын жанында сакталган документтерге жазбаңыз.

6.3. Картаны сактоо эрежелерин сактаңыз:

– Картаны ачык оттун булактарынын жанына калтырбаңыз;
– Картаны механикалык таасир кылууга дуушарлантпаңыз;
– Картаны магнит кулпусу бар капчыктарда сактабаңыз.

6.4. Банктык төлөм картасын PIN-код жана/же Коддук сөз, логиндерди жана сырсөздөрдү Карта ээси тарабынан үчүнчү жактарга сатууга же өткөрүп берүүгө, анын ичинде үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана алардын атынан мыйзамсыз аракеттерди жасоо максатында картаны колдонуу менен финансылык бүтүмдөрдү жүргүзүүгө тыюу салынат. Картаны үчүнчү жак тарабынан колдонуу Банк тарабынан ушул Эрежелерди одоно бузуу катары каралат жана Банктын демилгеси боюнча Келишимди бир тараптуу бузуу менен бирге Картаны бөгөттөп, кайтарып алууга түрткү берет.

6.5. Соода кылып жатканда Картаны көз кырынан чыгарбаңыз. Транзакция бүткөндөн кийин дароо Картаны алыңыз да, бул сиздин Картаңыз экенине ынаныңыз.

6.6. Сизге аны жазуу керексиз болсун үчүн, өз ПИН-кодуңузду эсте тутуңуз. Сизди кимдер курчап турганына байкоо салыңыз, сиз өз ПИН-кодуңузду кантип киргизип жатканыңызды эч ким карап турбаганына ынаныңыз.

6.7. Карта менен POS-терминал аркылуу төлөгөндө толтурулбаган квитанцияга эч качан кол койбоңуз. Жалпы сумманын сабынын үстүндөгү бардык бош саптарды чийип салыңыз.

6.8. Кийин алар боюнча текшерүү үчүн, бардык чектерди/квитанцияларды сактап коюңуз. Эл бар жерде эч качан чектерди/квитанцияларды таштанды үчүн контейнерге ыргытпаңыз.

6.9. Эгерде сырткаркы адамдар сизди угуп турушса, соода чекиттеринде же телефон боюнча өз Карт-эсебиңиздин номерин угуза айтпаңыз.

6.10. Мүмкүн болушунча, Банкоматтарды күндүз колдонуңуз, ал эми түнкүсүн жакшы жарыктантылган жерлерди тандаңыз. Банкоматты (Банкоматтын баскычтарын, карта алгычын) кандайдыр бир шектүү түзүлүштөр, жашырылган видеокамералар барбы-жокпу деп текшериңиз, сиз операция жүргүзүп жатканда, эч ким сизге чукул турбаганына ынаныңыз.

6.11. Картанын Кармоочусу өзүнүн Картасын колдонуп жатканда конфиденциялуу маалыматтын, атап айтканда: киргизилүүчү ПИН-коддун, Коддук сөздүн, Картанын магнит тилкесине жазылган маалыматтын чыгып кетүү мүмкүндүгүн максималдуу болтурбоого тийиш. Эгерде жаман ойлуу адам Картанын ПИН-кодуна же маалыматтарына ээ болсо, анда ал Карт-эсепте турган бардык каражаттарды эч тоскоолсуз ала алат. Мындай учурда, Картанын Кармоочусунун дооматтарын Банк кабыл албайт. Банк ушуга байланыштуу келип чыккан Картанын Кармоочусунун зыяндары үчүн жоопкерчилик тартпайт.

6.12. Картаны Кармоочу тарабынан Картаны коопсуз колдонуу боюнча эрежелер бузулганда, Банк Картаны кармоочунун Карт-эсеби боюнча жасалган операциялар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

6.13. Карт-эсепке жаман ойлуу адамдардын жетүүсү жөнүндө шектенүүлөр келип чыкканда же шектүү операциялар байкалганда, Картанын Кармоочусу, баарыдан мурда, бул жөнүндө Банкка кабарлоого жана төмөнкү номер боюнча чалып жана Картаны кулпулоо үчүн Коддук сөздү айтып, картаны кулпулоосу керек: Күнү-түнү иштөөчү маалымат кызматы: (+996 312) **55 44 44**. Картаны кулпулоо жөнүндө кабарлоо 30 (отуз) мүнөттүн ичинде күчүнө кирет. Картаны кулпулоонун кесепеттери үчүн дооматтарды Банк кабыл албайт, буга Картанын Кармоочусу өзүнүн шартсыз макулдугун билдирет.

6.14. ПИН-кодду үч жолу (катары менен) туура эмес терүүдө Банкомат Карта менен болгон иш-аракеттерди уруксатсыз катары баалайт да, Картаны кулпулайт.

6.15. Картанын компрометациясы, ага уруксатсыз жетүү, ал боюнча шектүү операцияларды жасоо тобокелдери пайда болгон учурда, Кармоочунун картасы Банк тарабынан Картанын Кармоочусуна эскертүүсүз кулпуланган боло алат.

6.16. Банк тарабынан Картанын компрометациясы мүмкүндүгү жөнүндө билдирүү алынганда Банк Картанын Кармоочусуна Карт-эсептен акча каражаттарын жоготуу тобокелдерин минимизациялоо максатында компрометацияланган Картаны кайра чыгарууну демилгелөөнү сунуштайт. Картанын Кармоочусу компрометацияланган Картаны кайра чыгаруудан жазуу жүзүндө баш тарткан учурда, Банк мындан ары ушундай карта боюнча жасалган операциялар, Картанын кармоочусуна келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт да, Картанын кармоочусунун Картаны үчүнчү жактардын мүмкүн болгон жана/же чындап эле уруксатсыз колдонуусуна байланыштуу дооматтарын карабай коюуга укуктуу.

**7. Картаны жоготуу/уурдатуу**

7.1. Эгерде сиздин Картаңыз жоголсо же уурдалса, же сизде Картаны ыйгарым укук берилбеген адамдын колдонуусу тууралуу кооптонуу бар болсо, сиз, баарыдан мурда, бул жөнүндө төмөнкү номер боюнча кабарлоонуз жана Картаны кулпулоо үчүн Коддук сөздү билдирүүңүз керек: Күнү-түнү иштөөчү маалымат кызматы: (+996 312) **55 44 44**. Картаны кулпулоо жөнундө кабарлоо 30 (отуз) мүнөттүн ичинде күчүнө кирет. Картаны кулпулоонун кесепеттери үчүн дооматтарды Банк кабыл албайт, буга Картанын кармоочусу өзүнүн шартсыз макулдугун билдирет.

7.2. Сиз Картанын жоголуусу/уурдалуусу жөнүндө канчалык ылдам маалымдасаңыз, кимдир бирөө сиздин бийлигиңизсиз, сиздин акча каражаттарыңызды колдоно турганы ыктымалдуулугу ошончолук аз болот.

7.3. Сиздин Банкка Картанын жоголуусу же уурдалуусу жөнүндөгү каалаган оозеки билдирүүңүз 3 (үч) күндөн кечиктирбей, Банкка берилген жазуу жүзүндөгү арыз менен тастыкталган болууга тийиш.

7.4. Эгерде мурда жоголгон же уурдалган катары жарыяланган Картаны, сиз таап алган болсоңуз, сиз бул жөнүндө Банкка токтоосуз жазуу жүзүндө кабарлоого жана аны Банкка кайтарып берүүгө милдеттүүсүз. Картаны колдонууга аракеттенбеңиз. Карта боюнча уруксатсыз Транзакциялар жүргүзүлбөгөнүнө ынануу үчүн, соңку айлардагы Карт-эсеп боюнча Көчүрмөнү текшерүүнү көптөн-көп сунуштайбыз.

7.5. Картаны жоготкон, уурдаткан же картаны ыйгарым укук берилбеген адам колдонгон учурда, Банк Карта боюнча жасалган операциялар жана ага байланыштуу келип чыккан Картанын Кармоочусунун зыяндары үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**8. Карта боюнча талаш-тартыштуу операциялар**

8.1. Карт-эсеп боюнча Көчүрмөдөн талаш-тартыштуу операцияны байкаган учурда, сиз тигил же бул өткөрүлгөн сумманы айкындоо үчүн Банкка кайрылууга тийишсиз.

8.2. Операциянын тууралыгына дооматтуу арыз операция жасалган учурдан тартып 30 (отуз) банк күнү ичинде берилет. Ушул мөөнөт бүткөн соң Банк Картанын Кармоочусунан дооматтуу арызды кабыл албоого толук укуктуу болот.

8.3. Дооматтуу арызды Банк тарабынан кароонун мөөнөтү арыз түшкөн учурдан тартып 30 (отуз) банк күнүн түзөт (мөөнөттөр Төлөм тутумунун тибине жараша вариациялана алат).

**9. Банктын жана Картанын кармоочусунун укуктары менен милдеттери**

9.1. **Банк милдеттүү:**

9.1.1. Картанын Кармоочусун КРнын мыйзамдарына, КРУБнын ченемдик-укуктук актыларына, Келишимге жана ушул Эрежелерге ылайык тейлөө жүргүзүүгө.

9.1.2. КРнын иштеп жаткан мыйзамдарына ылайык Карт-эсептин, Карт-эсеп боюнча операциялардын жана Картанын кармоочусу жөнүндө маалыматтардын жашыруундугун камсыздоого.

9.1.3. Картанын кармоочусу Банктын Тарифтерине ылайык комиссияны төлөөсү шартында Картаны жана ПИН-конвертти чыгаруу жүргүзүүгө, аларды Картанын кармоочусуна өткөрүп берүүгө.

9.1.4. Ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана/же Банктын Тарифтерин өзгөртүү же жаңы Тарифтерин орнотуу жөнүндө ошол өзгөртүүлөр же толуктоолор күчүнө кирген күнгө чейин 10 (он) жумуш күнү ичинде аталган документтердин жаңы редакцияларынын басмадан чыккан нускаларын Банктын бардык бөлүмдөрүндөгү маалыматтык стенддерге жайгаштыруу жана/же көрсөтүлгөн маалыматты Банктын www.keremetbank.kg вебсайтында жайгаштыруу жолу менен Картанын Кармоочусуна маалымдоого.

9.1.5. Картанын Кармоочусунун пайдасына түшкөн акча каражаттарын, Картанын Кармоочусунун Карт-эсебине Банк бардык зарыл документтерди алган күндөн кийинки банк күнүнөн кечиктирбей түшүрүүгө. Картанын Кармоочусунун Карт-эсебине акча каражаттарын түшүрүү үчүн негиз болуп кызмат кылуучу документтер, толук эмес, бурмаланган, так эмес же карама-каршылыктуу маалыматты камтышкан, же мындай документтер жок болгон учурда, Банк зарыл маалыматты камтыган документти алганга чейин түшкөн сумманы Карт-эсепке түшүрүүнү кармап турууга укуктуу болот. Карт-эсепке акча каражаттарын түшүрүү үчүн негиз болуп кызмат кылуучу документте Картанын Кармоочусун идентификациялоо үчүн зарыл маалымат жок болгон же туура эмес маалымат бар болгон учурда, Банк сумманы жөнөтүүчүгө кайтарып жиберүүгө да укуктуу.

9.1.6. Негизги Картанын Кармоочусунун суроо-талабы боюнча Карт-эсеп боюнча Көчүрмөнү, Банк суроо-талапты алган учурдан тартып 5 (беш) жумуш күнүнөн кечиктирбей, Картаны Кармоочунун Арызында көрсөтүлгөн электрондук дарегине же Банктын кеңселеринде Картанын Кармоочусунун өзүнүн колуна берүүгө.

9.2. **Банк укуктуу болот:**

9.2.1. Ушул Эрежелердин 9.1.4-пунктуна ылайык Картанын кармоочусуна бул жөнүндө кабарлоо менен ушул Эрежелерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө, толуктоого жана Банктын Тарифтерин өзгөртүүгө же жаңы Тарифтерин орнотууга.

9.2.2. Картанын кармоочусунан ушул Эрежелерди сактоону талап кылууга.

9.2.3. Процессинг борборлоруна, анын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкандарга же үчүнчү жактарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде Картаны чыгаруу, тейлөө жана алдамчылык аракеттер менен байланышкан транзакциялардын алдын алуу үчүн зарыл болгон Карта ээси жөнүндө маалыматты (жекече маалыматтарды) Процессинг борборуна же үчүнчү жактарга берүүгө.

9.2.4. Эгерде Кредитти жабуу графигинде көрсөтүлгөн салым өлчөмүндө пландык төлөм жүргүзүүдөн 5 (беш) календардык күн мурда (майрам күндөрүнүн жана расмий майрамдарынын эсебинен алынган узак дем алыштарды эске албаганда) Карта ээсинин Банк эсебинде акча каражаттарын блокировкалоо үчүн Банктан алынган кредити бар болсо, Карта ээси ушуну менен өз макулдугун берет.

9.2.5. Картанын Кармоочусу ушул Эрежелерди бузган, Келишимди үзгөн, анын ичинде Картанын Кармоочусу Картаны колдонуудан баш тарткан учурда, ошондой эле КРнын мыйзамдарында алдын-ала каралган башка учурларда, Картаны тейлөөнү токтотууга / Карт-эсеп боюнча операцияларды жүзөгө ашыруудан баш тартууга / Картанын иштөө мөөнөтүн узартуудан баш тартууга / Картаны кулпулоого же алып коюуга.

9.2.6. Картанын Кармоочусунун Карт-эсебинен, ал эми Кармоочунун Карт-эсебинде акча каражаттары жетишсиз болгон учурда, Картанын Кармоочусунун Банкта ачылган каалаган башка эсептеринен акцептсиз тартипте (Картанын Кармоочусунун кошумча макулдугу жок жана төлөм тапшырмаларысыз) акча каражаттарын чыгарууга:

9.2.6.1. Картанын Кармоочусу тарабынан жүргүзүлгөн карталык операциялар үчүн кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө менен Банктын жана башка банктардын комиссияларынын эсебине суммаларды Банктын Тарифтерине ылайык, Картанын Кармоочусу тарабынан жүргүзүлгөн карталык операциялар жана Картаны, Карт-эсепти тейлөө жана Келишимдин алкагында операцияларды жасоо менен байланышкан каалаган башка чыгымдар үчүн башка банктардын комиссияларын. Комиссияны өндүрүү Банк тарабынан карталык операция жасоо учурунда жүргүзүлөт;

9.2.6.2. Карт-эсепке жаңылыш жана/же ашыкча түшүрүлгөн акча каражаттарын;

9.2.6.3. Банкомат аркылуу акча каражаттарын алууда жаңылыш жана/же ашыкча берилген жана/же POS-терминал аркылуу Карталык операцияларды жүргүзүүдө Карт-эсептен кармалбаган суммаларды;

9.2.6.4. КРнын иштеп жаткан мыйзамдарында алдын ала каралган негиздер боюнча жана/же учурларда акча каражаттарын;

9.2.6.5. Банк менен Кармоочунун ортосунда түзүлгөн башка келишимдерден келип чыккан Картанын Кармоочусунун Банктын алдындагы милдеттенмелери боюнча акча каражаттарын;

9.2.6.6. Картанын Кармоочусунун жана аны коштогон меймандардын аэропорттордун VIP-залдарына (Lounge-чөлкөмдөрүнө) баруусу үчүн комиссияны Банктын Тарифтерине ылайык (Visa Infinite Карталарын Кармоочуларга колдонулат);

9.2.6.7. Картанын Кармоочусун коштогон меймандардын эл аралык аэропорттордогу жана вокзалдардагы жогору ыңгайлуулуктагы залдарга баруусу үчүн комиссияны Банктын Тарифтерине ылайык (UPI Diamond Карталарын Кармоочуларга колдонулат);

9.2.6.8. Картанын Кармоочусунун ар кандай негиздер боюнча келип чыккан Банктын алдындагы карызын жабуунун эсебинде.

9.2.7. Акча каражаттары эсептен чыгарылып/эсепке алынып жаткан эсептеги валюта түрү Карта ээсинин милдеттемесиндеги валюта түрүнөн жана/же Картаны () Карт-эсепти тейлөө жана Келишим алкагындагы операцияларды жүргүзүү менен байланышкан чыгымдардан айырмаланса, Банк эсептен чыгарылып/чегерилип жаткан сумманы Банктын өзү (Банктын keremetbank.kg тышкы маалымат веб-сайтында жайгашкан), Эл аралык төлөм системалары жана Улуттук төлөм системалары тарабынан белгиленген валюталардын накталай эмес курсу боюнча конвертациялоого укуктуу, мындай шартта конвертация схемасына ылайык (ушул Эрежелердин №1 тиркемеси) Банктын Тарифтери менен белгиленген конвертацияларды өткөрүү үчүн Карта ээсинин Карт-эсебинен акцептик комиссия кармалбайт жана аны мекнен Карта ээси өз кол тамгасын коюу аркылуу таанышууга тийиш. Конвертация боюнча операцияларды өткөрүү учурунда Карта ээси Банктын валюталар курсу менен Банктын тышкы - keremetbank.kg маалымат веб-сайтынан тааныша алат.

9.2.8. Картанын Кармоочусу Банкоматтан акча каражаттарын алганда Банкоматта ашык акчалар жок болгон учурда, ошондой эле Банкоматтын электрондук журналында акча каражаттарын алуунун ийгиликтүү операциясы жөнүндө жазуу болгон учурда жана/же эгерде акча каражаттарын алуу Банкоматтын видеобайкоо камерасында катталган учурда, анын кем болуп калуу жатындагы дооматтарын канааттандыруудан баш тартууга.

9.2.9. Картанын Кармоочусунан, өзүнүн кароосу боюнча, кошумча маалыматты, анын ичинде операциянын мыйзамдуулугун жана экономикалык максатка ылайыктуулугун тастыктоочу документтерди (келишимдерди, контракттарды, Картанын Кармоочусуна коюлган эсептерди ж.б.у.с.), же алардын тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн суроого, ал эми Картанын Кармоочусу мындай документтерди бербеген жа талап кылынган документерди берүүдөн баш тарткан учурда, Банк Карт-эсеп боюнча операцияларды жасоодон баш тартууга укуктуу.

9.2.10. Төмөнкү учурларда өзүнүн кароосу боюнча андан ары жараксыз деп табуу менен Картаны кулпулоого жана Картанын кармоочусунан Картаны 5 (беш) банк күнү ичинде кайтарып берүүнү талап кылууга:

- техникалык овердрафтка чыгуу;
- азайтылбоочу калдыкты/камсыздандыруучу депозитти азайтуу (техникалык овердрафтты жабуу зарылдыгына байланыштуу);
- Картанын Кармоочусунун Келишим жана ушул Эрежелер боюнча Банктын алдындагы карызын жабуу мөөнөттөрү бузулганда;
- Картанын Кармоочусу ушул Эрежелерди сактабаганда;
- Картанын Кармоочусу Келишим жана ушул Эрежелер боюнча милдеттенмелерин аткарбаганда;
- Картанын Кармоочусунан Картаны жоготууга, уурдатууга жана/же аны уруксатсыз колдонууга байланыштуу кабарлоону же арызды алганда;
- Картанын кармоочусунан Картаны жараксыз деп табууга жана Келишимди үзүүгө арыз түшкөндө;
- Банк тарабынан Картанын Кармоочусуна Келишимди үзүү жөнүндө кабарланганда;
- Картанын иштөө мөөнөтү бүткөндө;
- Келишимде, КРнын мыйзамдарында, ушул Эрежелерде жана төлөм тутумдарынын эрежелеринде алдын-ала каралган башка учурларда.

9.2.11. Ушул Эрежелердин 9.2.8-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча Картаны кулпулоо жана жараксыз деп табуу, банк тарабынан өз алдынча аныкталуучу мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат. Мында Картанын Кармоочусу менен биротоло эсептешүүнү Банк Карт-эсепти жабууга байланыштуу Картаны кулпулоодон кийин 45 (кырк беш) календарлык күн өткөндө жүргүзөт.

9.2.12. Картанын Кармоочусу тарабынан операция жасалган күндөн тартып 30 (отуз) календарлык күн өткөндөн кийин коюлган Карталык операция боюнча дооматты кароого кабыл албоого.

9.2.13. Карт-эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн өзүнүн кароосу боюнча башка банктарды тартууга.

9.2.14. КРнын мыйзамдарында алдын-ала каралган учурларда, бир тараптуу тартипте Кардардын Карталык операция жүргүзүүсүн токтотууга/акча каражаттарын (операцияларын, келишимдерин) тоңдурууга.

9.2.15. Банктын Тарифтерине ылайык Картадагы акча каражаттарын чыгыштоо лимиттерин орнотууга.

9.2.16. Эгерде Кардар АКШга тиешеси бар болсо (Кардардын анкетасында көрсөтүлгөн маалыматтарга ылайык), FATCA[1] мыйзамынын талаптарына ылайык тиешелүү органдарга Кардар жана анын операциялары жөнүндө маалыматты берүүгө.

9.3. **Картанын Кармоочусу милдеттүү:**

9.3.1. Карт-эсепти ачуу үчүн зарыл документтерди жана маалыматтарды Банкка берүүгө.

9.3.2. Карт-эсеп боюнча операцияларды КРнын мыйзамдарына, КРУБнын талаптарына, Келишимге жана ушул Эрежелерге ылайык Карт-эсепте турган акча каражаттарынын суммасынын чектеринде жүзөгө ашырууга.

9.3.3. КРнын кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы туруу боюнча мыйзамдарын сактоого, ошондой эле КРнын кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы туруу маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарынын талаптарына ылайык, кардардын ишмердүүлүгүнө жана ал жүзөгө ашыруучу операцияларга тиешелүү суралган маалыматты жана документтерди Банк көрсөткөн мөөнөттөрдө Банкка берүүгө.

---

[1] 2010-ж. АКШнын чет өлкөлүк эсептер боюнча салык отчеттуулугу жөнүндө мыйзамы (англ. Foreign Account Tax Compliance Act)

9.3.4. ПИН-кодду терүүнүн авторизациясы менен күбөлөндүрүлгөн бардык карталык операцияларды ишеничтүү, чыныгы жана Картанын Кармоочусунун жеке өзү тарабынан жасалган деп таанууга.
9.3.5. Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө, ошондой эле Картаны Кармоочунун Карталык операцияларды жүзөгө ашыруу жараянына катышуучу башка банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө, жана Картаны тейлөө жана операцияларды жасоо менен байланышкан ар кандай башка чыгымдарга, Банк тарабынан төлөөгө эсеп коюлган учурдан тартып бир банк күнүнөн кечиктирбей Банктын Тарифтерине ылайык акы төлөөгө.
9.3.6. Картанын сакталгандыгын, бүтүндүгүн жана ПИН-коддун конфиденциялуулугун камсыздоого.
9.3.7. Анын Келишимдин жана ушул Эрежелердин шарттарын аткарбоосу же начар аткаруусу менен байланышкан Банктын ар кандай чыгымдарынын ордун, Банк тарабынан төлөөгө эсеп коюлган учурдан тартып бир банк күнүнөн кечиктирбей толтурууга.
9.3.8. Карт-эсепке жаңылыш түшүрүлгөн жана/же Картанын Кармоочусуна Банкомат жаңылыш берген, жана/же ал POS-терминал аркылуу Карталык операцияларды жүргүзгөндө Карт-эсептен кармалбаган акча каражаттарын, Карт-эсеп боюнча көчүрмө алган учурдан тартып 2 (эки) банк күнү ичинде Банкка кайтарып берүүгө.
9.3.9. Картаны жана Банк тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарды мыйзамга каршы келген максаттарда колдонбоого, кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) багытталган ар кандай иш-аракеттерди (операцияларды) жүргүзбөөгө.
9.3.10. Картаны, картга кирүү үчүн логиндерди жана сырсөздөрдү үчүнчү жактарга сатууга/өткөрүп берүүгө жол берилбесин, болбосо Колдонуучу картаны үчүнчү жактарга өткөрүп бергендиги же сатканы үчүн, анын ичинде мыйзамсыз аракеттерди жасоо максатында үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана кызыкчылыгында картаны колдонуу менен каржылык бүтүмдөрдү жүзөгө ашыргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.
9.3.11. Банктын алдындагы насыя лимити боюнча карызды мөөнөтү бүткөндө же Келишимди мөөнөтүнөн мурда үзгөндө жабууга.
9.3.12. Келишимдин иштөө мөөнөтү бүткөндө жана/же Банктын биринчи талап кылуусу боюнча Банк тарабынан Картанын Кармоочусуна берилген Карталарды кайтарып берүүгө.
9.3.13. Арызда, же Карт-эсепти ачуу учүн Банкка берилген документтерде көрсөтүлгөн паспорттук маалыматтарды, даректи жана башка маалыматтарды өзгөртүү жөнүндө, тиешелүү өзгөртүүлөр болгон күндөн тартып 3 (үч) банк күнүнөн кечиктирбей Банкка берүүгө жана ушундай өзгөртүүлөрдү тастыктоочу документтерди Банкка көрсөтүлгөн мөөнөттө берүүгө.
9.3.14. Банктын суроо-талабы боюнча Банк тарабынан аныкталган мөөнөттөрдө, документтерди жана бүткүл зарыл маалыматты, анын ичинде Карт-эсеп боюнча жүргүзүлүүчү операциялардын мыйзамдуулугун жана экономикалык маанисин тастыктоочу, берүүгө.
9.3.15. Карт-эсепке акча каражаттары жаңылыш түшүрүлгөнүн, жана/же Банкомат акча каражаттарын жаңылыш бергенин, жана/же ал ПОС-терминал аркылуу карталык операцияларды жүргүзгөндө Карт-эсептен акча каражаттары жаңылыш кармалганын байкаганда бул жөнүндө банкка токтоосуз жазуу жүзүндө маалымдоого.
9.3.16. Карт-эсеп боюнча пайда болгон техникалык овердрафтты толугу менен төлөөгө.

9.4. **Картанын Кармоочусу укуктуу:**

9.4.1. Картаны Келишимге жана ушул Эрежелерге катуу шайкештикте колдонууга.
9.4.2. Суроо-талап боюнча талап кылынган мезгил үчүн Карт-эсеп боюнча көчүрмө алууга.
9.4.3. Картанын мөөнөтү бүткөндө Картаны жаңы мөөнөткө кайра чыгаруу үчүн арыз берүүгө.

9.4.4. Эгерде Негизги Картанын Кармоочусу Картанын иштөө мөөнөтүн узартпаган жана аны жабууну каалабаган учурда, анда Кошумча Картанын Кармоочусу өзүнүн картасынын мөөнөтү бүткөндө аны кайра чыгарууну талап кылууга укуксуз болот.

**10. Банктын жана Картанын кармоочусунун жоопкерчилиги**

10.1. Тараптар ушул Эрежелерде жана келишимде каралган өздөрүнүн милдеттерин аткарбоосу жана начар аткаруусу үчүн, КРнын мыйзамдарына, Келишимге жана ушул Эрежелерге ылайык жоопкерчилик тартышат.

**10.2. <u>Банк жоопкерчилик тартпайт</u>:**

- Үчүнчү жактын Картаны тейлөөдөн баш тартуусу үчүн;
- Картанын Кармоочусунун Картаны жоготууга байланыштуу картаны кулпулоо жөнүндө талап менен өз убагында кайрылбоосунун кесепеттери үчүн;
- Картанын Кармоочусунун Карт-эсебинде турган каражаттар камакка алынган учурда, же КРнын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча жана/же башка учурларда операцияларды жасоо мүмкүн эместиги үчүн;
- мындай жетүү Банк тараптан көзөмөлгө жатпаган же туура келбеген кырдаалда болуп өткөн (Картанын компрометациясы) учурларда, үчүнчү жактар тарабынан болуп өткөн алдамчылык операциялардын, Карт-эсепке уруксатсыз жетүүнүн натыйжасында Картанын Кармоочусуна келтирилген зыян үчүн;
- эгерде алар Картанын Кармоочусунун төлөм документинде алуучунун реквизиттерин же алуучу-банктын реквизиттерин туура эмес көрсөтүүсүнө байланыштуу орун алса, ошондой эле Банктын күнөөсү жок болгон башка учурларда, мүмкүн болуучу кармалуулар, жоготуулар жана акча каражаттарынын кармалуусу же жоголуусу менен байланышкан башка кесепеттер үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт;
- келишимде, ушул Эрежелерде, КРнын мыйзамдарында жана төлөм тутумдарынын эрежелеринде алдын-ала каралган башка учурларда.

**10.3. <u>Картанын Кармоочусу төмөнкүлөр үчүн Банкка келтирилген зыяндардын ордун толук толтуруу түрүндө жоопкерчилик тартат:</u>**

- Арызда көрсөтүлгөн туура эмес, эскирген же толук эмес маалыматты, же Банкка берилүүчү башка маалыматты берүүсү;
- Картаны жоготууга байланыштуу Картаны кулпулоо жөнүндө өз убагында кабарлабаганынын кесепеттери;
- банктык төлөм картасын, банктык төлөм картасына кирүү үчүн логиндерди жана сырсөздөрдү үчүнчү жактарга сатуу/өткөрүп берүү үчүн, анын ичинде картаны үчүнчү жактарга өткөрүп берүү же сатуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мыйзамсыз аракеттерди жасоо максатында үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана кызыкчылыгында картаны колдонуу менен финансылык бүтүмдөрдү жүргүзүү үчүн.
- өзүнүн картасы боюнча акча каражаттарын адалдоо жана кылмыштуу ишти каржылоо боюнча операцияларды, анын ичинде алдамчылык операцияларды жүргүзүүсү;
- Келишимдин, ушул Эрежелердин шарттарын аткарбоосу же начар аткаруусу, ошондой эле ушуну менен байланышкан ар кандай кесепеттер үчүн.

10.4. Картанын Кармоочусу тарабынан ушул Эрежелердин 9.3.5, 9.3.7, 9.3.8-пункттарында аныкталган милдеттенмелерди аткаруу мөөнөттөрү бузулган учурда, Картанын Кармоочусу өтүп кеткен ар бир күн үчүн Банктын Тарифтерине ылайык туум төлөп берет.

10.5. Тараптар анын себеби Тараптардын эч бири алдын ала көрө албаган же акыл-эстүү иш-аракеттер менен болтурбай коё албаган жеңе алгыс күчкө ээ жагдайлар (форс-мажор) болуп саналган Келишим жана ушул Эрежелер боюнча өз милдеттенмелерин аткаруу мөөнөттөрүн бузуусу үчүн жоопкерчиликтен бошотулушат. Жеңе алгыс күчкө ээ жагдайларга төлөм тутумундагы штатсыз кырдаалдар, табият кырсыктары, өрт, суу ташкыны, жер титирөө, башка табигый же техногендик алааматтар, эпидемиялар, согуштук аракеттер, мамлекеттик төңкөрүштөр, өзгөчө кырдаалды киргизүү, революциялар, массалык башаламандыктар, террористтик актылар, жарандык

толкундоолор, Өкмөттүн, мамлекеттик органдардын, КРУБнын иш-аракеттери, Келишим түзүлгөн күндөн кийин күчүнө кирген мыйзам актылары, КРУБ жана/же КРнын мамлекеттик бийлик органдары тарабынан кабыл алынган, тиешелүү Тараптын Келишим жана ушул Эрежелер боюнча өз милдеттенмелерин аткаруусу мүмкүн эместигине алып келген иш-аракеттери, ошондой эле Тараптардын акыл-эстүү көзөмөлүнөн сырткары турган башка башка жагдайлар киришет, бирок алар менен чектелишпейт, анан калса форс-мажор жагдайынын кирип келүүсү Келишим күчүнө киргенден кийин орун алууга тийиш.

10.6. Форс-мажор жагдайларынын кирип келүүсү Келишим боюнча тиешелүү милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтүн, ушундай жагдайлар созулган мезгил ичине тең өлчөмдүү узартууга алып келет.

10.7. Жеңе алгыс күчкө ээ болгон жагдайлардын иш-аракетинин тийиштүү далили, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан берилген документтер болуп саналат. Форс-мажор жагдайларынын иш-аракетинин далилдерин, форс-мажор жагдайларына шилтеме берген Тарап, башка Тараптын суроо-талабы боюнча көрсөтөт.

10.8. Келишимде жана КРнын мыйзамдарында алдын-ала каралган учурлардагы Карт-эсеп боюнча операцияларды токтотуу, Кардардын акча каражаттарын (операцияларын/келишимдерин) тоңдуруу, операцияларды жүргүзүүдөн баш тартуу, ошондой эле Келишимди үзүү жана Картанын Кармоочусунун Карт-эсебин(-терин) жабуу, Банктын жоопкерчилигинин пайда болуусу үчүн негиз болуп саналбайт.

10.9. Банк-корреспондент же үчүнчү банк жол берген төлөмдөрдүн чыгашалары, каталары, жаңылыштыктары же кармалуулары үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт, ошондой эле алардын каржылык абалы жараткан кесепеттер үчүн да жооп бербейт.

## 11. Карталык операцияларды жүргүзүүнүн шарттары:

11.1. КРнын аймагындагы соода чекиттеринде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө менен байланышкан Карталык операциялар, кыргыз сомунда гана жүргүзүлөт.

11.2. Банк Картанын Кармоочусуна операция жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу:

11.2.1. эгерде Картанын Кармоочусунда Карт-эсепте Карталык операция жүргүзүү жана Банктын комиссиясына, ошондой эле Картанын Кармоочусунун карталык операцияларды жүзөгө ашыруу жараянына катышкан башка банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө үчүн каражаттар жетишсиз болсо;

11.2.2. эгерде эсептешүү документтерин тариздөөнүн техникасы, банктык эрежелер, эл аралык банк стандарттары, каада-салты жана тажрыйбасы бузулса, ошондой эле эгерде төлөм документине Карт-эсеп боюнча акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу кылынбаган адам кол койгон учурда;

11.2.3. Карт-эсеп камакка алынган, Карт-эсеп боюнча операциялар токтотулган жана КРнын мыйзамдарында алдын ала каралган башка учурларда;

11.2.4. эгерде төлөм документинде төлөмдүн реквизиттери жок болсо же туура эмес көрсөтүлгөн болсо;

11.2.5. операцияны жасоо КРнын мыйзамдарына, ушул Эрежелерге же келишимге каршы келсе.

## 12. Карта менен төлөө жараяны

12.1. Сатылып алынган товарлар же көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акы төлөө үчүн, соода чекитинин кызматчысына Картаны берүү зарыл.

12.2. Карта менен операцияны сиздин катышууңузда гана жүргүзүүнү талап кылыңыз. Картанын нукуралыгына жана Картанын мыйзамдуу ээси катары сиздин укуктарыңызга ынанып, кызматчы ПОС-терминалдын жардамы менен авторизация, б.а. Банк-эмитенттен Карта менен операцияларды жүргүзүүгө уруксат алуу жүргүзөт. ПОС-терминалды колдонгон учурда, чектин толтурулган эки көчүрмөсү автоматтык түрдө басылып чыгарылат. Андан соң сизге терминалдын чегине өз колуңузду коюу сунушталат;

12.3 ПОС-терминалдын чектери төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

- Операциянын жүргүзүлгөн күнү;
- Авторизациянын коду;
- Сиздин Картаңыздын номери (коопсуздук максатында бүткүл номер көрсөтүлбөйт);
- Төлөөгө карата жалпы сумма;
- Операциянын валютасы;
- Операцияны жүргүзүүнүн макамы. Төлөмдү туура жүргүзгөн учурда чекте «ОПЕРАЦИЯ ЖАКТЫРЫЛДЫ» деген жазуу, транзакция ийгиликсиз болгон учурда – «ОПЕРАЦИЯ ЧЕТКЕ КАГЫЛДЫ» деген жазуу болууга тийиш.
- Сиздин колуңузду коюу үчүн атайын графа;
- Сиз Карта менен төлөп жаткан ишкананын аталышы жана юридикалык дареги;
- Соода чекитинин кассиринин жана Картанын Кармоочусунун колдорун коюу үчүн жээк.

12.4 ПОС-терминалдын чеги эки нускада басылып чыгарылат. Эгерде анда андан ары сиздин Банктагы Карт-эсебиңизден чыгарыла турган сумма коюлбаган, туура эмес сумма коюлган же операциянын башка деталдары жок болгон (мисалы, күнү) учурда, чекке кол койбоңуз.

12.5 Соода чекитинин кызматчысы анын катышуусунда чекке коюлган сиздин колуңузду, Картанын арткы бетиндеги кол менен салыштырууга тийиш.

12.6 Эгерде соода чекитинин кызматчысы колдордун бирдейлигине ынанбаса, ал чекке кайталап кол коюуну (айрым учурларда, бир нече жолу, кызматчы колдону чыныгылыгына ынангангa чейин), ошондой эле өздүгүн күбөлөндүрүүчү документти көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу болот.

12.7 Эгерде соода чекитинин кызматчысы сиздин колуңуздун бирдейлигине ишенбесе, ал сиздин сатып алууңузга Карта менен акы төлөөдөн баш тартууга жана сизге акы төлөөнүн башка ыгын, мисалы, накталай төлөөнү, сунуштоого укуктуу болот.

12.8 Соода чекитинин кызматчысы чекти тийиштүү түрдө тариздегенден, сиздин колуңузду текшергенден жана Карта боюнча акы төлөөнү кабыл алгандан кийин, ал сизге чектин биринчи нускасын берүүгө милдеттүү. Келишимдин тастыктоосу болуп саналган чектин биринчи нускасын өзүңүзгө калтырууну унутпаңыз.

12.9 Сиз товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн Карта менен акы төлөгөнүңүздү тастыктоо иретинде алган бардык документтердин көчүрмөлөрүн сактап коюуңузду сизге көптөн-көп сунуштайбыз. Бул документтерди сактоо сизге өзүңүздүн Карт-эсептен каражаттарды чыгаруунун суммаларын көзөмөлдөөгө жол берет.

## 13. Накталай акча каражаттарын алуу

13.1 Картаны колдонуп, сиз накталай акча каражаттарын эки ык менен ала аласыз:

13.1.1. Ыйгарым укуктуу банк жана каржы мекемелеринен: Накталай акча каражаттарын алуу жараяны, Карта боюнча товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөгөн учурдагы эле тартипте жүрөт, бирок, бул учурда сиздин жаныңызда өздүгүңүздү күбөлөндүрүүчү документтин болуусу зарыл.

13.1.2. Банкоматтын жардамы менен: Бул учурда картанын нукуралыгы жана сиздин Картанын мыйзамдуу ээси катары укуктарыңыз сиздин Банкоматтын баскычтарында ПИН-кодду туура терүүңүз менен күбөлөндүрүлөт. Накталай акчаларды берүү менен бир мезгилде Банкомат сиздин картаңызды кайтарып берет. Банкомат берген акчаларды жана Картаны өз убагында сууруп алуу зарыл, антпесе, эгерде сиз муну 15 (он беш) секунд ичинде жасабасаңыз, Банкомат акчаларды артка алып коёт.

## 14. Карт-эсепти толуктоо

14.1. Карт-эсепти төмөнкү ыктардын бири менен толуктоого болот:

- Банктын каалаган филиалында же сактык кассасында накталай акча менен;

- Карт-эсепти Банктын төлөм терминалында накталай акча менен толуктоо. Төлөм терминалындагы толуктоонун валютасы (кыргыз сому);
- башка банктардан накталай эмес которуу менен. Сизге алдын ала өзүңүздүн Карт-эсептин реквизиттерин алуу зарыл.

## 15. Картаны алып коюу

15.1. Картаны сизден сиз Картанын жардамы менен төлөөнү каалаган соода же тейлөө мекемесинин кызматчысы, ошондой эле банктарда алып коё алышат.

15.2. Сизге Картаны алып коюунун себебин түшүндүрүүлөрү тийиш, эреже катары, бул Банк-эмитенттин тескемеси. Мында сиз соода же тейлөө чекитинин кызматчысынан Картаны алып коюу жөнүндө тил кат берүүнү суроого укуктуусуз. Тил катты алгандан кийин, сизге Картаны чыгарган Банктын кеңсесине кайрылуу зарыл.

15.3. Ал аркылуу сиз накталай акча каражаттарын алууга камынган Банкомат, сизге Картаны кайтарып бербей коюушу мүмкүн. Мунун себеби, же Банк-эмитенттин тескемеси боюнча алып коюу, же Банкоматтын бузуктугунан улам боло алат. Мындан тышкары, сиздин ПИН-кодуңуз үч жана андан көп жолу туура эмес терилгенде, эреже катары, Картаны Банкомат кайтарып бербейт. Картаны Банкомат алып койгон учурда төмөнкү нускамаларга ылайык иш кылыңыз:

- баарынан мурда, сиз колдонгон Банкоматты орноткон банк менен байланышуу зарыл. Банктын координаттары жана телефондору адатта Банкоматтын өзүндө же Банкомат жайгашкан жердин жанында көрсөтүлөт;
- Банкоматты тейлеген банк менен байланышып, кырдаалды түшүндүрүңүз жана сиз өзүңүздүн Картаңызды кайра ала турган убакытты тактаңыз;
- Картаны алуу үчүн сизге өздүгүңүздү күбөлөндүрүүчү документ керек болот.

## 16. Картаны колдонуу менен Интернет аркылуу акы төлөө

16.1. Интернет тармагындагы эсептешүүлөрдө Картанын Кармоочусу ал үчүн өз Картасынын реквизиттерин көрсөткөн фирма-сатуучунун ишенимдүүлүгүн өз алдынча баалайт (иштөө мөөнөтү, бедели, почта дарегинин барлыгы ж.б.).

16.2. Эгерде Картанын Кармоочусу сатылып алынган товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн Картанын маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу акы төлөө жүргүзүүнү каалаган учурда, Картанын Кармоочусу муну менен өзүнүн төмөнкүгө толук жана шартсыз макулдугун тастыктайт:

16.2.1. Карт-эсеп операциянын ушул түрү үчүн операциянын суммасына жана Банк жана/же товарды/кызмат көрсөтүүнү сатуучу жана/же Төлөм тутуму жана/же сатуучунун банкы Картанын Кармоочусу тарабынан Интернет аркылуу Картанын маалыматтарын (Картанын номерин, анын бүтүү мөөнөтүн, CVV2 ж.б.) жана/же Картанын кармоочусунун маалыматтарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча колдонулуучу комиссиялардын суммасына дебеттелген болот.

16.2.2. Картанын маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн болгон бардык операциялар үчүн, керек десе операциялар Картанын Кармоочусунун өзү тарабынан жүргүзүлбөсө, ал эми ага мындай маалыматтар Картанын Кармоочусу Картаны Интернет аркылуу төлөмдөрдө колдонгонуна байланыштуу, Картага үчүнчү жактар жете алган Картаны тийиштүү түрдө сактабоодо, натыйжасы үчүнчү жактарда Карта жөнүндө жана/же Картанын кармоочусу жөнүндө, Картанын кармоочусунун макулдугусуз Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга жол берүүчү маалыматтардын барлыгы болуп калган ар кандай башка учурларда, ар кандай үчүнчү жак тарабынан жүргүзүлсө да, Картанын Кармоочусу толук жоопкерчилик тартат.

16.3. **Картанын Кармоочусу ушуну менен төмөнкүгө байланышкан бардык тобокелдерди өз моюнуна аларын тастыктайт:**

16.3.1. Үчүнчү жактардын Картанын маалыматтарына жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарына, аларды Кармоочу Картаны колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө колдонгондо, мүмкүн болгон жетүүсү;

16.3.2. Ага Картанын маалыматтары жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтары белгилүү болуп калган үчүнчү жактын, Интернет аркылуу ар кандай төлөмдөрдү жүзөгө ашыруусу.

16.4. Картанын Кармоочусу үчүнчү жак тарабынан Картанын маалыматтарын жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүзөгө ашыруусунун натыйжасында келип чыккан мүмкүн болуучу бардык жоготууларды, зыяндарды, чыгашаларды ж.б.у.с. өз моюнуна алат да, ушуну менен, ошондой учурларда Банкка дооматтарды койбой турганын кепилдейт, анткени Банк Картанын Кармоочусуна Картаны жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу менен байланышкан мүмкүн болуучу тобокелдер жөнүндө алдын-ала жана толук көлөмдө маалымдаган. Ушуну менен Картанын Кармоочусу ага Картанын маалыматтарын жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүзөгө ашыруунун техникалык мүмкүнчүлүктөрүн берүүнүн демилгечиси өзү болуп саналарын, ошондой эле ал Банкты кандайдыр бир жоопкерчиликтен бошото турганын, ал эми Банк, буга ылайык, Картанын Кармоочусу үчүн Картаны колдонуу менен Картанын Кармоочусунун өзү да, Картанын Кармоочусу ыйгарым укуктуу кылган же кылбаган каалаган үчүнчү жак да Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүсүндө келип чыгуусу мүмкүн болгон ар кандай кесепеттер үчүн анын алдында эч кандай жоопкерчилик тартпай турганын тааныйт жана тастыктайт.

**Ушул Эрежелер Келишимдин бир бөлүгү болуп саналат жана Кардардын аткаруусу үчүн милдеттүү.**

**«Керемет Банк» ААКда Банктык төлөм карталарын алуу жана пайдалануу Эрежесине карата №1 тиркеме.**

**Карта ээсинин операцияларды банктык эсептеги валютадан айырмаланган валютада өткөрүү учурундагы бир валютаны экинчи бир валютага конвертациялоо схемасы.**

**-Эгерде кардардын карта эсебиндеги валюта операция өткөрүү (төлөм жүргүзүү) учурунда – кыргыз сому менен болсо:**

- сом менен - конвертациясыз.
- чет өлкө валютасында (төлөмдөрдү КР аймагынан сырткары өткөрүү жана/же КРнын улуттук валютасынан башка) (схема):

- Өлкө валютасы (төлөм) --> ЭТС/УТС валютасы --> Биллинг валютасы (ЭТС/УТС менен банк-эмитент ортосундагы эсептешүү валютасы) ---> Кардардын эсеп валютасы.

**-Эгерде, кардардын картасындагы эсеп валютасы кыргыз сому менен болбосо, операцияларды (төлөмдөрдү) өткөрүү маалында:**

- сом менен (төлөмдөрдү Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынан башка валютада жүргүзүүдө):

- Өлкө валютасы (төлөм) --> ЭТС/УТС валютасы --> Биллинг валютасы (ЭТС/УТС жана банк-эмитент ортосундагы эсептешүү валютасы) ---> Кардардын эсебиндеги валюта.

- Чет өлкө валютасында:

-Өлкө валютасы (төлөм) --> ЭТС/УТС валютасы --> Биллинг валютасы (ЭТС/УТС менен банк-эмитент ортосундагы эсептешүү валютасы) ---> Кардардын эсеп валютасы.